**УДК 811**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/1-391-397**

**Тешебаев А.К.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Баткен мамлекеттик университет
Баткен ш.
**Курбанбекова С.Ж.**
окутуучу
Баткен мамлекеттик университет
Баткен ш.

# ЖОГОРКУ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЖАРАНДЫК ПОЗИЦИЯСЫНЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ (БАТКЕН ОБЛАСТЫНЫН МИСАЛЫНДА)

**Аннотация:** Бул макалада Баткен областынын окуучуларынын жарандык активдүүлүгүн калыптандырууда региондун социалдык – экономикалык өзгөчөлүктөрү каралган. Ушул территорияда жашаган элдерине болгон мүнөздүү өндүрүшү жана кесиптик багыттагы жумуш менен камсыз болушу. Ушул эле региондун өзгөчөлүктөрү алардын жашоо деңгээлин, экономикалык байланыштарын башка региондор менен жана башка чет өлкөлөрү менен болгон байланыштарына анали жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө ээ болушу, жалпы адамзаттык деңгээлде демократиялык принциптердин отурукташуусу, тездик менен жайылып бара жаткан ааламдашуу доорундагы кыймылдуулуктун күч алышы, ушул эле учурда мамлекет тарабынан инсандын жарандык позициясына болгон талаптын өсүшү ж.б. жаштарды жарандык жактан тарбиялоо меселесин актуалдаштырууда. Жарандык тарбиялоо маселесин регионалдык факторсуз кароого болбойт, ал мезафактор структурсанына күчтүү шарттарын түзөт, окуучулардын жарандык калыптануусуна өз таасирин берет.

Регионалдык факторлор инсандын калыптанышына чоң таасирин берет, регионго мүнөздүү болгон өзгөчөлүгүнө жараша, жаратылыштык –географиялык, социалдык-географиялык, демографиялык, жана тарыхый –маданий шарттар кирет ж.б. Жаштардын жарандык активдүүлүгүн калыптандырууда региондун социалдык – экономикалык өзгөчөлүктөрү чоң таасирин берет. Ушул территорияда жашаган элдерине болгон мүнөздүү өндүрүшү жана кесиптик багыттагы жумуш менен камсыз болушу. Ушул эле региондун өзгөчөлүктөрү алардын жашоо деңгээлин, экономикалык байланыштарын башка региондор менен жана башка чет өлкөлөрү менен болгон байланыштарын аныктайт.

**Негизги сөздөр:** регион, жарандык позиция, жарандык активдуулук, процесс, социалдык, голобалдуу, коммуникация, миграция, коррекция, мотив, эгемендуулук, демократяи, принциптер, концепция.

**Тешебаев А.К.**
кандидат педагогических наук, доцент
Баткенский государственный университет
г. Баткен
**Курбанбекова С.Ж.**
преподаватель

Баткенский государственный университет
г. Баткен

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЕ ГРАЖДАНСКОЙ ПОЗИЦИИ СТАРШЕКЛАСНИКОВ

**Аннотация:** В статье рассматривается анализ Баткенской области источников о факторах формирования гражданской позиции старшеклассников в сельской местности свидетельствует о том, что общее социальное становление и формирование гражданской позиции старшеклассников сельских общеобразовательных школ происходит под воздействием широкой социальной среды, среди которых важное значение имеют: региональные социально–экономические, общие социокультурные и этнокультурные факторы.

Эти факторы напрямую отражаются на общей социальной ориентации старшеклассников, на выборе будущей профессии, на формировании нравственно–поведенческой модели и гражданской активности.

Образовательно–культурным центром, интегрирующим все существующие объективные и стихийные факторы, а также целенаправленные усилия педагогического коллектива в формировании гражданской активности старшеклассников выступает сельская общеобразовательная школа, которая выполняет множество социальных функций, а именно: объединяющий, производственный, культуро-образующий и образовательно-культурный т.е. собственно педагогический.

Образовательно–культурная функция сельской школы обусловлено качественными особенностями, сельской школы. К числу таких социально–педагогических особенностей сельской школы относятся: безальтернативность сельской школы в образовательном пространстве; зависимость результатов педагогической деятельности от места расположения и социально – экономического потенциала региона; стихийная интегративность образовательной среды; полуфункциональность педагогической деятельности; социальная значимость трудового воспитания; наличие постоянного социального контроля; тесная связь воспитания с народными традициями.

**Ключевые слова**: регион, гражданская позиция, гражданская активность. процесс, социальная, глобализация, коммуникация, миграция, коррекция, мотив, суверинитет, демократия, принцип, концепция.

**Teshebaev A.K.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Batken State University
Batken c.
**Kurbanbekova S.Zh.**
teacher
Batken State University
Batken c.

## PEDAGOGICAL CONDITIONS FORMATION OF CIVIL POSITIONS OF SENIOR STUDENTS

**Annotation**: The article examines the analysis of sources in the Batken region on the factors of formation of the civic position of high school students in rural areas, which indicates that the general social formation and formation of the civic position of high school students in rural secondary schools occurs under the influence of a wide social environment, among which regional socio–economic, general socio-cultural and ethno-cultural factors are important. These factors directly affect the general social orientation of high school students, the choice of a future profession, the formation of a moral and behavioral model and civic engagement.

The educational and cultural center integrating all existing objective and spontaneous factors, as well as the purposeful efforts of the teaching staff in the formation of civic activity of high school students is the rural secondary school, which performs many social functions, namely: unifying, industrial, cultural-forming and educational-cultural, i.e. pedagogical proper.

The educational and cultural function of a rural school is determined by the qualitative characteristics of a rural school. Such socio–pedagogical features of a rural school include: the lack of alternative to a rural school in the educational space; the dependence of the results of pedagogical activity on the location and socio –economic potential of the region; the spontaneous interactivity of the educational environment; the semi-functionality of pedagogical activity; the social significance of labor education; the presence of constant social control; the close connection of education with folk traditions.

**Keywords**: region, civic position, civic engagement. process, social, globalization, communication, migration, correction, motive, sovereignty, democracy, principle, concept.

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө ээ болушу, жалпы адамзаттык деңгээлде демократиялык принциптердин отурукташуусу, тездик менен жайылып бара жаткан ааламдашуу доорундагы кыймылдуулуктун күч алышы, ушул эле учурда мамлекет тарабынан инсандын жарандык позициясына болгон талаптын өсүшү ж.б. жаштарды жарандык жактан тарбиялоо маселесин актуалдаштырууда.

Коомдук турмуштун радикалдуу либералдык демократиялык тенденциялардын күч алышы моралдык-этикалык эрежелери туруксуз базар экономикасынын шартында социалдык жана адеп-ахлактык жактан толук жетиле элек мектеп окуучуларынын жарандык жактан калыптанышын татаалдаштыруу менен жарандык жана мекенчилидик, жоопкерчиликтүүлүк жана кесипкөйлүк, сүйүү, үй-бүлө, достук, аруулук ж.б. жашоодон маанилүү болгон баалуктардын түшүшүнө алып келүүдө. 2021-2026-жылдары Кыргыз республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таанусун өнүктүрүүнүн Концециясы Кыргыз жараны деп өзүн таанууну Кыргыз Республикасынын бардык жарандарына бириктирүүчү жана элдин биримдигин бекемдөөчү өзүн таануу катары карайт. Концепцияда өспүрүмдөрдүн жарандык тарбиялоосун баса белгиленген. [1]. Кыргыз Республикасынын окуучуларды жана окуп жаткан жаштарды тарбиялоонун 2020-жылга чейинки концепциясында мындай айтылган; «Баалуктардын кеңири тараганына карабастан, 2011-2013-жж. Социалдык изилдөөлөрдө жаштардын көп бөлүгү өз тагдырын өз жери, Мекени менен байланыштырбагандыгын көрсөтүү. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому 2014-жылдын 9-декабрь №68 «Кыргыз Республикасындагы жарандык-мекенчилдик тарбия жөнүндө». Ушул Мыйзам мамлекеттик саясаттын маанилүү элементи катарында жарандык-мекенчилдикке тарбия берүүнүн максаттарын, принциптерин жана негизги багыттарын аныктоого багытталган.

Кыргыздардын жарандыгы дал ушул ички жана тышкы маданияттын эрежелерин колдонуп жана ага баш ийип, кыргыздын улуттук каада-салтын, үрп-адатын эреже, жол-жоболорун ички жана тышкы маданиятка айкалыштырып, жок болуудан, бузукулуктан, адашуудан алыс болуп, кылымдан кылымга өз алдынчалыгын жоготпой сактап келишкен.

Жарандык тарбиялоо процессинде бардык шарттар, факторлор таасирлүү. А.В. Мудрик социалдашуу факторлорун 4 группага бириктирет. **Биринчиси – мегафактор, экинчи –макрофактор** , **үчүнчү – мезафактор**, **төртүнчү – микрофактор**, [3]. Жарандык тарбиялоо маселесин регионалдык факторсуз кароого болбойт, ал мезафактор структурсанына күчтүү шарттарын түзөт, окуучулардын жарандык калыптануусуна өз таасирин берет.

Регионалдык факторлор инсандын калыптанышына чоң таасирин берет, регионго мүнөздүү болгон өзгөчөлүгүнө жараша, жаратылыштык –географиялык, социалдык-географиялык, демографиялык, жана тарыхый –маданий шарттар кирет ж.б.

Региондун социалдык – географиялык өзгөчөлүктүрүнө төмөнкүдөй мүнөздөмөлөр кирет, элдин жыш жайланышы, элдердин кесиптик жумуш менен алек болушу, локалдуу тил өзгөчөлүгү менен белгиленет. Жогорудагы айтылгандардын өзгөчөлүктөрү кыйыр таасирин берет, ошол эле мезгилде жашоо образы алардан көз каранды, элдин активдүүлүгү кесиптик жаштардын мерчэмдерин аныктайт. Ушуга эле ЖМКлар кирет, өсүп келе жаткан коомдук аң сезимин калыптандырууда чоң таасирин берет. [2].

Жаштардын жарандык активдүүлүгүн калыптандырууда региондун социалдык – экономикалык өзгөчөлүктөрү чоң таасирин берет. Ушул территорияда жашаган элдерине болгон мүнөздүү өндүрүшү жана кесиптик багыттагы жумуш менен камсыз болушу. Ушул эле региондун өзгөчөлүктөрү алардын жашоо деңгээлин, экономикалык байланыштарын башка региондор менен жана башка чет өлкөлөрү менен болгон байланыштарын аныктайт.

Ошондой глобалдүү проблемалардын жанында ар бир мамлекеттин өзүнүн геосаясий орду, экономикалык абалы, тарыхый социалдык-маданий өнүгүү өзгөчөлүктөрү менен шартталган ички көйгөйлөрдүн бар экендиги белгилүү. Мисалы КР экономикадагы ишсиздиктин туруктуу көрүнүшкө айланышы, миграциянын перманенттүүлүгүн шарттады, коомдогу социалдык ажырымдардын күчөшү, калктын негизги катмарынын жакырдыгы, коррупциянын жайылышы ж.б. өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө өтө терс таасир тийгизүүдө. Ишке жарамдуу калктын 1 млн. жакыны миграцияга дуушар болуп, ишке жарамдуу жаш жубайлар үй бүлөлөрүн таштап, балдарын ар кимге калтырып, каражат табуу максатында ар кайсы өлкөлөрдө жүрүшөт. Бул болсо жаш муундардын социалдык жактан жетилишине, инсан, катары калыптанышына терс тааасирин тийгизүүдө. Ата энелер тарабынан балдарга зарыл болгон камкордуктун жоктугунан көптөгөн балдар зордук-зомбулукка кабылып, айрымдары жанкечтиликке (суицид) барууда.

Эгерде биз алыскы жана жакынкы келечекте жер жөнүндө улут жана мамлекет катары бар болууну жана андан ары өнүгүүнүн кааласак, адам ресурстарын же келечек муунду заман талабынап жараша, **жарандык позициянын** калыптандырууну талап кылат, ал эми бул процесс билим берүүсүз, тарбиялоосуз ишке ашпайт. Демек улуу, кеменгер жазуучубуз Ч.Айтматов айткандай **«адамды адам кылуу»** проблемасына, биринчи кезекте өсүп келе жаткан жаш муунду өзгөртүү, аларды заман талабына жараша калыптандыруу маселесине барып такалабыз.

Кыргызстанда реалдуулугуна кайрыла турган болсок, өлкөбүздүн 7 млн. калкынын 1.5 млн. ашыгын билим (окуучулар жана аларга билим бергендер болуп) берүү тармагында

алектенгендер түзөт. Мунун өзү КР демографиялык жактан жаш өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн катарына кирет, өлкөбүздүн келечеги жаштарга таандык жана алар мамлекеттин адам ресурстарын түзөт дегенди билдирет.).

Окуучулар күн бою айылдык мектепте, а түгүл айрым учурларда окуучулар мектепте күнүн өткөрүшөт. Бул алардын үйлөрү менен мектептин ортосундагы узак аралыктарга байланыштуу. Шаарларда болуп жаткан окуялардан айырмаланып, айыл жергесинде траснспорттук каражаттардын жана жолдордун жетишсиздигинен улам транспорттор үчүн ыңгайсыздыктар көп кездешет.

Баткен областы социалдык-экономикалык жактан жаңы түзүлгөн регион болуп эсептелет, башка региондорго караганда. Баткен шаары Бишкек шаарына 1000 чакырым алыстыкта жайланышкан. Регион совет мезгиленде дотацияда отурган. Соиалдык-эконмикалык жактан бардык көрсөткүчтөрү боюнча алдынкы (Чуй, ОШ, Жлала-Абад) региондорунан артта калат. Баткен областы Өзбекистан жана Таджикстан өлкөлөрү менен чектешип турат, ошондой эле үч анклав областын ичинде жайланышкан. Акыркы мезгилдеги болуп өткөн согуштук кагылышуулар Таджикстан өлкөсү менен окуучуларга чон психологиялык жактан жаракат алып келди. Окуучулар психологиялык жактан көңүлү бузулуп, алар психологдун жардамына муктаж. Окуучулар өз көзү менен болуп жаткан окуяларды көрүшүп кайгырышты, стресс абалда болушту.

Көп жылдык байкоолорго караганда айыл жериндеги окуучулар үй-бүлөдөгү турмуш тиричилик жумуштуры менен алек болушат. Окуучулар сабактан кийин эгин талаасында иштешет, мал жандыктарды кайтарышат, тамеки тизет, шалы орушат, өрүк, гилас, шабдалы теришет ошентип көпчүчүлүк убакытыны ата – энесине жардам берүү менен өткөзүшөт. Айыл окуучуларынын ошентип сабак окууга, эртенки күнгө мектепке даярданууга аз эле убакыт калат. Көпчүлүк ата-энелер балдарынын жакшы окуусуна анча деле кызыгышып маани беришпейт. Бизге белгилуу болгондой кээ бир айыл өкмөттөрдө күзгү жыйым терим мезгилинде окуучулар айыл чарба жумуштары менен алек болушуп мектепке сабака барбай коюшат. Мисалы: Бүргөндү айыл өкмөтүндө шалы (гуруч) бышканда окуучулар талаада шалы орушуп мектепке барышпайт. А. Масалиев, Айрыбаз айыл өкмөтүндө гилас бышканда, Орозбеков, Көтөрмө айыл өкмөтүндө малина, Бирлик айыл өкмөтүндө картошка бышканда.

Ушуга 1961 жылы америкалык окмуштуулар В.П. Шрам, Д. Лайл, Д. Паркер изилдөөлөр жүргүзүшүп, сыналгыны көрүү менен бала бир жылга тез өсүп өнүгөт деп далилдешкен. Сыналгы көргөн бала өзүнүн ойун туура айтып бере алат, керектүү болгон илимди малымаатарды алалат. Ошол эле мезгилде окумуштуулар телевидение аз камысыз болбогон үй –бүлөлөрдүн арасынан дүйнө таанымын, дүйнөгө боллгон көз карашын кенейтет жана өстүрөт деп белгилешкен. [2].

Салыштырмалуу Баткен региону жарандык тарбиялоодо ЖМКлар менен жакшы камсыз бологон эмес. Баткен региону жакшы денгээлде газета, журналдар алыша албайт. Демек мектеп окуучулары жакшы информация мамлекттик саясаты толук кабар болууга мүмкүнчүлүгү жок. Телевидение негизинне КТР, ЭЛТР, ОРТ. Россия жана жеке телекомпониялар каналдары көрсөтүшөт. Кээ бир айылда бир же эки канал, а тугул көрсөтпөгөн айылдар бар. Бирок област эки кошуна өлкөлөр менен Таджикстан жана Өзбекистан менен чектешет, ошондуктан алардын телевидениеси чек арада жайгашкан айылдарда жакшы көрсөтөт. Көпчүлүк окуучулар алардын каналын кинолорун, спорт, концерттик программасын өзбек тилинде көрүшөт, ошондуктан окуучулар сүйлөгөндө өзбек тилин кошуп сүйлөп калган. Бул коркунучтуу тил өзгөчөлүгүнө келечекте. Окуучу ошол

өлкөнүн маданиятын саясатын сүйлөп калып жатат. Педагогикалык көз караштан караганда биздин оюбузча, мамлекеттик деңгээлде көптөгөн көңул ачуучу, мультфилимдер кыргыз тилинде телевидениеден берилиши керек, өз учурунда улуттук идентүүлүктү жакшы калыптандырышка шарт түзөт.

Айыл мектептеринин окуучуларынын бош убакыты чектелүү, көпчүлүк учурда үй-тиричилик жумуштары, дыйканчылык менен алек болушат. Бирок бош калган убакытыны өткөрүү үчүн шарттар жок, Мисалы компьютердик, спорт аянтчасы, стадион, клубдар, театр, кино, библиотека, спорттук секциялар ж.б. кызмат көрсөтүү жокко эссе болгондуктан аларга өзүнүн кызыккан хобиси боюнча эч нерсе жок. Жаштар айылда кээ бир учурларда уурулука, мал жандыктарын уурдоого, зордуктоого, арак спиртик ичимдиктерге, тамеки чегууго кызыгып кетишет. Мындай терс көрөнөштөр советтик ситеманын кулашы менен билим берүү жана тарбиянын жоктугу терс көрүнүштөрдү күчөттү.

Ошондуктан айыл мектептин окуучуларын жарандык тарбиялоону колго алуу үчүн социалдык-педагогикалык жактан коррекциялык иштерди жүргүзүү үчүн билим берүү мекемелеринен талап кылынат, жаштарды жарандыкка тарбиялоодо. Жарандык тарбиялоодо окуучуларды социалдык-педагогикалык программаларды иштеп чыгып жана аларды ишке ашыруу зарыл, окуучулардын бош убактысын туура, пайдалуу жакка уюштуруу жана социалдык багытын өнүгүшүн камсыздоо зарыл болуп эсептелет.

.

**Адабиятттар:**

1. КР Президентинин 2023-жылдын 15- майдагы ПЖ №124. Кыргыз Жараны концециясы.
2. Альжев Д.В. Социальная педагогика учебное пособие [Текст] / Д.В. Альжев. // Москва-208.
3. А.В. Мудрик. // Изд. 2-е, прераб. – М.: Московский психолого-социальный институт, 2009.
4. Абдынасырова, А. Ж. Национальные традиции как фактор социализации личности [Текст] / А. Ж. Абдынасырова. // Автореферат дис… канд.фил.наук. – Бишкек, 1995. – С.19.
5. Асипова, Н.А О методологических основах концепции гражданского образования. Гражданское образование в Кыргызстане: проблемы и перспективы [Текст] / Н. А. Асипова. // материалы конференции (14-15 янв.) 2002. – Б., 2002. – С.10-14).
6. Ахмедов, С. М Воспитание интернационализма и патриотизма у старшеклассников в процессе общественно – полезной деятельности [Текст] / С. М. Ахмедов. // Автореф.дис…д-ра.пед.наук. – Ташкент, 1990. – С.34.
7. Гревцева, Г. А. Воспитание гражданственности у старшеклассников средствами общественных дисциплин [Текст] / Г. А. Гревцева. // /Автореф.кан.пед.наук: 13.00.06/ Г. Я. Гревцева; Челяб.ГОс.пед.ун-т. – Челябинск, 1998. – С.26.
8. Каропа, Г. Н. Формирование гражданственности в процессе экологического воспитания сельских школьников //Воспитание молодежи в духе гражданственности и патриотизма, готовности к выполнению воинского долга [Текст] / Г. Н. Каропа. // Тезисы докладов Республиканской научно-практической конференции 17 18 октября 1989. – Брест, 1989. – С. 187-189.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Азимбаев Б.**